# Жети ата



Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

# Жети ата

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жети ата" (кыргыз тилинде), автор Абдыкерим Муратов, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Достор болуп мектептен чыгып, биздин үйдө сабакты чогуу даярдаганы бара жатканбыз. Көчө боюнда, үйүнүн алдындагы узун отургучта дубалга жөлөнүп отурган Керим атага салам берип калдык. Жанында Каным эне да бар экен. Экөө кобурашып отурушуптур.

– Сен кимдин баласысың? – деди мага карап.

Кимдин баласы экенимди билет да деп мен ичимден таң калып калдым. Ошентсе да:

– Бакыттын! – дедим.

– Атаңды билем, чоң аталарыңды айтчы? – деди Керим ата.

Мен атамды, чоң атамды айтып, андан ары билбей калдым.

– Сенин чоң атаң мыкты комузчу болгон.

– А сен Рустамдын баласысың да, жети атаңды айтчы, – деп Керим ата Садыкка карады.

Садык төрт атасын айтып, такалып калды. Аңгыча биздин жаныбызга  Зейнеп да келип калды.


– Сенин чоң атаң Кадыркулбу, кызым? – деп Керим ата Зейнепке кайрылды.

– Ооба, ата! Мен Кадыркул чоң атамдын небересимин.

– Мына, туура таптымбы?!

– Сенин чоң атаң, чоң энең менен жакшы тааныш элем. Бетиңдеги меңиңди көрүп, чоң энеңе окшоштурдум. Басканың, сүйлөгөнүң болсо Кадыркулдун эле өзү экен. Чоң энең чебер уз эле, шырдактарды мыкты жасачу.

– Зейнеп да чебер, өткөндө шырдакча жасап, райондо биринчи орунду алды, – деп Садык классташыбыз Зейнепти мактап жиберди.



Керим ата менен Каным эненин биздин жети атабызга кызыгып, алар жөнүндө кантип билип жаткандарына таң калдым. Кээде мени чоң атаңа окшошсуң деп калышчу. Ал сөзгө көңүл бурчу деле эмесмин, эми ойлонуп калдым.

Зейнеп, Садык, мен – үчөөбүздү эмне үчүн чоң ата, чоң энелерибизге окшоштуруп жатышкандары кызык болду. Үйгө барып, ата-энелерибизден сурап көрөлү деп чечтик.

– Бул – генетика, – деп менин суроомо жооп берди атам.

Ата-энем жети атам тууралуу айтып беришти. Окшоштуктар укумдан-тукумга өтө тургандыгы жөнүндө угуп, генетикага кызыгып



Мен интернеттен издеп баштадым. Бул илимдин аныктоосу боюнча, адамдын денеси триллион клеткадан турат. Клетка – денебиздин куруучу материалы. Алардын ар биринин өз жумушу бар. Бир клетка – көргөнгө, бири – укканга, дагы бири – сезгенге жардам берет. Дагы башка клеткалар денеге кычкылтекти ташып, аба менен камсыз кылса, бирөөсү бүт организмге жеген-ичкен тамактарды жеткирип берет. Ар бир адамда клетканын эки жүздөй түрү болот. Эки жүз клетка өздөрүнүн ар түрдүү кызматтарын аткара берет. Ал иштеп тургандыгы үчүн адам тирүү жүрөт. Клеткалар молекула аркылуу бизге басуу, тамак ичүү, ыйлоо, күлүү, сүйлөө сыяктуу, эмне кылуу керектигин билдирип турат. Ошол молекула **ДНК** деп аталат.

ДНК – бул нускама сыяктуу, анын жардамы менен көп клеткаларга буйрук берилет.

ДНК – өзү кооз, ийри кош спиралдан түзүлүп, тепкич сыяктуу болот. Ар бир тепкичтин аты бар. Алар A, T, C жана G. Бул төрт дос бири-бири менен өтө ынак, ынтымак болуп жүрүшөт. Мисалы, A менен T – эң жакын достор, C менен G – бири-бирисиз жашай алышпайт. Илимде ушул төрт тамга менен белгиленген клеткалар адамдын денесин түзөт деп айтылат.

Клеткалар тууралуу ачылышты биринчи жолу 1664-жылы англиялык ойлоп табуучу Роберт Гук изилдеп тапкан. Дагы бир маанилүү нерсе – клеткалар бир адамдагы маалыматтарды чогултуп, аларды кийинки урпактарына өткөрүп берет. Маалыматтар магнитофонго жазылгандай, сакталып кала берет. Ошол маалымат генетика илими деп аталат. Бул илим адамдын генин жана анын адам денесиндеги ролун изилдейт. Ушул илимдин ачылыштары белгилегендей, ата-эненин гени аманат катары анын баласына, кыскасы, укум-тукумуна өтүп турат. Ошону үчүн бир тукумдан тараган адамдардын мүнөздөрү, жүрүш-турушу, өңү-түсү, бой-келбети бири-бирине окшошуп калышы мүмкүн. Кээде оорулары да өтүп калат.


CYT
100%

Эртеси биз жолугуп, окуган жана билгендерибизди ортого салдык. Балдар да көп кызыктуу маалыматтарды таап келишиптир. Үчөөбүз эми үй-бүлөбүздүн генеалогиялык дарагын жасамай болдук.

Ал даракты Керим ата менен Каным энеге да көрсөтөбүз...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Абдыкерим Муратов

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли